Кудайбергенов Борончу – Донголок

Мен чоңойгом айылда,
Топ кыздар, балдар отуруп жанаша.
Көңүлду ачкан болду тамаша,
Эми биз ырдайбыз таң ачканча.
Жолдош начальник келет, урушат,
Маңдайы төрт кабатка тырышат.
А мен болсо жаш жигитмин эми,
Ойногум келет го деги, деги…
А мен болсо жаш жигитмин, оюнга тойбогон,
Топ кыздар менин артымдан чуркашып ойногон.
Дөңгөлөк айланса, жаштык кетет узап,
А мен болсо кала берем, чертип гитара.
Мезгил өтөт арадан,
Кызыктуу күндөр келет кайрадан.
Досторум менен көңүлүмдү ачсам,
Кубанып үйгө мен эс алып барсам.
Жолдош начальник үйдө, урушат,
Маңдайы төрт кабатка тырышат.
А мен болсо жаш жигитмин эми,
Ойногум келет го азыр деги, деги…
А мен болсо жаш жигитмин, оюнга тойбогон,
Топ кыздар менин артымдан чуркашып ойногон.
Дөңгөлөк айланса, жаштык кетет узап,
А мен болсо кала берем, чертип гитара.
Жаштык, жаштык, жашчылык,
Өмүр өттү шаштырып,
Кыздар өпкөн бетимди,
Кыл сакалга бастырып.